# Таж-Махал



Автор: Асылгүл Токторбаева

Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

# Таж-Махал

Автор: Асылгүл Токторбаева
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы
(https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган. Төмөндө көрсөтүлгөн учурлар камтылбайт.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Таж-Махал" (кыргыз тилинде), автор Асылгүл Токторбаева, сүрөтчү Бакай Сыдыков.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат.

Мукаба бет - Joolyann/ https://www.shutterstock.com/image-photo/taj-mahal-garden-side-sunset-155549777

1-бет - https://www.freepik.com/premium-vector/happy-cute-kids-boy-girl-use-smartphone_6689502.https://www.freepik.com/premium-vector/happy-cute-kid-boy-measure-height-together_6326927.2-бет - colorfuelstudio / https://www.freepik.com/premium-vector/happy-cute-kids-boy-girl-use-smartphone_6689502.htm 3-бет - brgfx/ https://www.freepik.com/free-vector/hands-holding-smartphone-with-different-kid-smartphone-screen_11829997.htm4-бет - brgfx/ https://www.freepik.com/free-vector/hands-holding-smartphone-with-different-kid-smartphone-screen_11829997.htm

5-бет - Joolyann/ https://www.shutterstock.com/image-photo/taj-mahal-garden-side-sunset-1555497776-бет user17364411/ https://www.freepik.com/premium-photo/taj-mahal-sunrise-sunset-agra-india_8777732.htm6-бет GregD/ https://www.shutterstock.com/image-photo/agra-india-0421-inside-taj-mahal-10736889627-бет -ochki / https://www.freepik.com/premium-photo/amazing-taj-mahal_8604822.htm7- бет - AHSAN SHEIKH / https://www.shutterstock.com/image-photo/replica-tomb-mughal-emperor-shah-jahan-1735619963

8-бет - saiko3p / https://www.freepik.com/premium-photo/detail-decorating-taj-mahal_7889797.htm8-бет - PRILL / https://www.shutterstock.com/image-photo/mausoleum-named-taj-mahal-agra-india-1046420609-бет - Marzolino/ https://www.shutterstock.com/image-photo/old-engraved-portrait-zahir-addin-muhammad-833874349-бет - Biswarup Ganguly/ https://commons.wikimedia.org/wiki/File:Central_Dome_-_Taj_Mahal_-_Agra_2014-05-14_3806.JPG10-бет - saiko3p/ https://www.freepik.com/premium-photo/many-arches-inside-red-fort_7889801.htm

11-бетantoniogravante/ https://www.freepik.com/premium-photo/mayan-pyramid-chichen-itza-mexico_6902322.htm Paulovilela/ https://www.freepik.com/premium-photo/aerial-view-christ-redeemer-city-sertaozinho-sao-paulo-brazil_11571039.htm user14202961/ https://www.freepik.com/premium-photo/colosseum-rome-dusk_6608640.htm navintar/ https://www.freepik.com/premium-photo/al-khazneh-ancient-city-petra-jordan_4219994.htm anjianhua / https://www.freepik.com/free-photo/great-wall_1193618.htm Joolyann/ https://www.shutterstock.com/image-photo/taj-mahal-garden-side-sunset-155549777 (тадж махал) Svstrelkov/ https://www.freepik.com/premium-photo/machu-picchu-is-capital-inca-empire-andes-mountains-peru-south-america_7443764.htm 12 – бет colorfuelstudio / https://www.freepik.com/premium-vector/happy-cute-kids-boy-girl-use-smartphone_6689502.htmhttps://www.freepik.com/premium-vector/cute-happy-kids-with-mom-drinking-milk_5708288.htmhttps://www.freepik.com/premium-vector/happy-cute-kid-boy-measure-height-together_6326927.htm

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




– Бул эмне? Мечитке окшош экен, – деди Бекжан сувенирлерди кармалап жатып.

– Бул Таж-Махалдын сувенири. Апам Индиядан алып келген, – деп жооп берди Жибек.

– Таж-Махал? Ал эмне?

– Таж-Махал – дүйнөдөгү жети кереметтин бири деп апам айткан. Мындай сувенирлерди көп алып келип туугандарга, досторуна белекке берген.




– Кызык... Бул эмне болгон имарат болду экен? – деп Бекжан ойлоно түштү. Анткени ал чоңойгондо архитектор болгусу келет. Бул бир өзгөчө курулуш экендигин байкап, аны жакшыраак билип алууга кызыкты.

– Апаңдан сурасак болобу? – деди Бекжан ойлуу.

– Апам жумуштан кеч келет да.


– Аа, таптым. Гуглдан издейбиз. Андан баарын билсе болот.

– Чын эле! Кел, издеп көрөлү.

– Гуглдан баарын тапса болот. Кандай суроо болбосун, жооп аласың.

– Мен телефонумду интернетке туташтыргам. Интернеттен каалаган маалыматты тапса болот.

Ал телефонун оозуна жакындатып: “Ok, Google”, – деди Жибек.




– Салам, достор! Эмне тууралуу билгиңер келет?

– Саламатсызбы, Гугл! Биз Таж-Махал жөнүндө сурайлы дедик эле.

– Абдан жакшы. Википедиядан да издесеңер болот.




– Саламатсыңарбы, балдар! Мен Википедиямын. Саякатка даярсыңарбы? Анда эмесе, тарыхы бай Индия өлкөсүнө кеттик! Саякатыңар көңүлдүү болсун, балдар!



Таж-Махал – дүйнөлүк архитектуранын көрүнүктүү эстелиги. Индиянын Уттар-Прадеш штатындагы Агра шаарында жайгашкан.

Шах-Жахан деген падышанын 38 жашында каза болгон аялы Мумтаз-Махалдын күмбөзү.

1630-жылдан 1652-жылга чейин Иса аттуу архитектордун жетекчилиги менен 20 миң жумушчу 22 жылда куруп бүтүшкөн. Бийиктиги 74 метр, бурчтарында 4 мунарасы бар. Аянты 300 метр квадрат.



Толугу менен ак мрамор таштан салынып, асыл таштар менен шөкөттөлгөн. Мрамор күндүзү аппак, күн батып бара жатканда кызгылт түс берип турат. Ал эми түнкүсүн күмүш түскө кубулат. Ошондуктан Таж-Махал кооз да, сырдуу да көрүнөт.




Шах-Жахан кийин өзү каза болгондо, сөөгүн сүйүктүү аялынын жанына коюуну суранган экен. Анын керээзи аткарылыптыр.





Асыл таштар чөгөрүлгөн оюулар көңүл бурдуртпай койбойт. Алар агат, малахит, маржан, бирюза таштарынан чегилип, “жали” стилинде жасалгаланган.

Күмбөздүн ички жана тышкы дубалдарына Ыйык Курандын аяттары асыл таштар менен түшүрүлгөн.





– Күмбөздүн төрт тарабында төрт мунара бар. Төбөсүндө Могулдардын тамга белгиси коюлган. Могул мамлекети Түштүк Азияда жана азыркы Өзбекстандын аймагында жайгашкан. Алар ислам динин туткан түрк тилдүү эл болушкан.

Бул мамлекетти Бабур негиздеген. Шах-Жахан – атактуу Темирландан тараган Бабур хандын урпагы.



Күмбөздүн жанында мечиттер курулган.

Таж-Махалды курууга индиялык, персиялык, аравиялык эң мыкты архитекторлор катышкан. Курулуш материалдары Азиянын ар тарабынан, Кытай, Тибет, Ооганстан ж.б. өлкөлөрдөн алып келинген.




Таж-Махал – дүйнөдөгү туристтер эң көп барган жайлардын бири. 1983-жылы ЮНЕСКОнун Дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизилген. Ал эми 2007-жылы дүйнөдөгү Жаңы жети кереметтин бири деп таанылган.

– Абдан кызыктуу экен!

– Гугл менен Википедиянын жардамы менен кандай гана кызыктуу саякат курдук! Таж-Махал чынында эле өзгөчө көркөмдөлгөн кооз курулуш экенин билип алганыбыз сонун болду!




– Гугл менен Википедиядан ар кандай кызыктуу маалыматтарды тапса болот турбайбы!

– Мындан ары дайыма интернеттен ушундай пайдалуу маалыматтарды алып турабыз.

– Эртең экөөбүз мектепке барганда Таж-Махал жөнүндө балдарга айтып беребиз.

USAID
ОТ АМЕРИКАНСКОГО НАРОДА

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Автор: Асылгүл Токторбаева
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

Колдонулган сүрөттөр
www.freepik.com, www.stutterstock.com
сайттарынан алынган.

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**